Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлиги

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети

«Бекитемин»

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин ректору, экономика илимдеринин доктору, профессор

__________________ Д. К. Өмүралиева

«_28_»_______________________2016ж.

# С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин электрондук китепканасы жөнүндө

# Ж О Б О

# I. Жалпы жобо.

1. Ушул Жобо электрондук китепкананын ишмердүүлүгүнүн негизин аныктайт.
2. Бул Жобонун максаты: фондудагы электрондук ресурстарды түзүү жана колдонуу процесстерин жөнгө салат.
3. Электрондук китепкана ар түрдүү маалыматтык - китепканалык ресурстардын электрондук түрүн топтоо, сактоо жана пайдаланууга берүүнү ишке ашырат.
4. Электрондук китепканадан колдонуу эрежелери илимий китепкананын жобосунда көрсөтүлгөндөй жүргүзүлөт.

## II. Электрондук китепкананын милдеттери жана функциялары

**2.1. Милдеттери:**

- окурмандарга электрондук түрдөгү гана маалыматтык-китепканалык ресурстардын ачыктыгын камсыз кылуу;
- пайдалануучулардын маалымат менен иштөөсүнө шарттарды түзүү;
- көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмесин көбөйтүү;
- тейлөөнүн оперативдүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу;
- китепканалык технологияны модернизациялоо;
- маалыматтык-китепканалык электрондук ресурстарды дүйнөлүк маалыматтык мейкиндикке интегралдаштыруу;
- электрондук маалыматтык-китепканалык ресурстардын узак мөөнөткө сакталышын камсыздоо.

**2.2. Функциялары:**

- электрондук каталог түзүү;
- ИРБИС 64 автоматташтыруу программасын иштетүү;
- «Ачых архив» базасына окумуштуулардын эмгектерин жайгаштыруу;
- база түзүү үчүн маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу;
- толук текстүү документтер менен иштөөдө издөө мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;
- китепканалык-маалыматтык ресурстарды электрондук түргө өткөрүү;
- маалыматтык-телекоммуникациялык өзгөрүүлөргө жараша электрондук ресурстардын абалын жакшыртуу;
- башка электрондук китепканалардын тармагына кошулуу;
- электрондук залдын, бөлүмдүн колдонуу эрежелерин кызматкерлерге жана пайдалануучуларга окутуу.

## III. Электрондук маалыматтык китепканалык фондуну түзүү.

3.1. Электрондук маалыматтык китепканалык фонду төмөнкүлөрдүн негизинде түзүлөт:

- сатып алуу (китеп сатуучу дүкөндөр, жеке адамдардан, электрондук чыгарылыштардагы документтерди таратуучулардан)

-жазылуу (мезгилдүү басылмаларды тараткан мекемелер), электрондук түрдөгү мезгилдүү басылмаларга жазылуу

- алмашуу (эл аралык жана китепкана аралык китеп алмашуу)

- белекке берилген адабияттар, акысыз алуу, (факультет, кафедралардан жана башка билим берүү мекемелери)

3.2. Электрондук маалыматтык китепканалык фондуга кирет:

- бардык маалыматтык-китепканалык ресурстар боюнча маалыматты камтыган электрондук каталог;

- электрондук чыгарылыштар жана документтер:

- маалыматтык - библиографиялык жазуулардын базасы;

- окуу китептер жана окуу куралдар;

- мезгилдүү басылмалар;

- басылмалардын электрондук версиясы;

- илимдин тармактары боюнча электрондук маалыматтык-китепканалык ресурстар.

## IV. Электрондук маалыматтык-китепканалык ресурстарды даярдоо жана иштетүүгө коюлучу талаптар:

4.1. Электрондук маалыматтык-китепканалык ресурстар бардык электрондук алып жүрүүчүүлөрдө кабыл алынат. (анын ичинде Интернет)

4.2. Электрондук маалыматтык-китепканалык ресурстар, алып жүрүүчүлөр жана ресурстар компьютердик вирустан сакталышы керек.

4.3. Электрондук маалыматтык-китепканалык ресурстарды электрондук китепканага берүү керектүү документтер менен коштолот.

## V. Электрондук маалыматтык-китепканалык ресурстарды жайгаштыруу жана сактоо.

5.1. Электрондук маалыматтык-китепканалык ресурстар илимий китепкананын серверинде сакталат.

5.2. Электрондук маалыматтык-китепканалык ресурстарды сактоо төмөнкүдөй жүргүзүлөт:

- маалыматтык-китепканалык фондуда;

- локалдуу жана тармактык серверлерде;

- зыян келтирүүчү программалардан корголушу керек.

- автордук укук корголуп, көчүрөп алууга тыюу салынат.

## VI. Электрондук китепкананын ишмердүүлүгү.

6.1. Электрондук китепкананын ишмердүүлүгү китепкананын директору тарабынан ишке ашырылат.

6.2. Китепкананын директору:

- электрондук китепкананын ишин координациялайт; уюштурат, пландайт, көзөмөлдөйт жана башка электрондук китепканалар менен өз ара кызматташуусун камсыздайт.

- электрондук китепканага тийиштүү эмгектенген кызматкерлердин профессионалдык билим дэңгээлинин көтөрүшүнө шарттарды түзөт.

6.3. Электрондук китепкананын маалыматтык, укуктук жактан камсыз кылуу жана материалдык-техникалык базасын чыңдоо университеттин жетекчилиги аркылуу жүргүзүлөт.

6.4. Электрондук китепкананы программдык жана техникалык камсыздоо университеттин жаңы маалыматтык технологиялар бөлүмү тарабынан жүргүзүлөт.

Ушул Жобо университеттин Окумуштуулар Кеңешинин чечиминин негизинде ректор тарабынан бекитилгенден кийин гана күчүнө кирет.

НМУнун Окумуштуулар кеңешинин отурумунда каралды,
протокол №__52__ «__27__» __июня__ 20_16_ ж.

**«Киргизилди»**

НМУнун илимий
китепканасынын директору __________ Кыдыралиева Г.А.

**«Макулдашылды»**

НМУнун окуу иштери боюнча проректору __________ Чолпонбаев А.К.

НМУнун илим жана инновация
боюнча проректору __________ Чоробаева Н.А.

НМУнун окуу башкармалыгынын башчысы __________ Ажыбаев Д. М.

НМУнун юристи __________Андабеков Б.С.